**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңеш**

***Кол жазма укугунда***
***УДК:* 303.643.3:070 (575.2) (043.3)**

**МАМЫРОВА МАХАБАТ КАРИМОВНА**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАКТЫК ГЕЗИТТЕРИНИН ӨНҮГҮҮСҮ (1991-2016-жылдар)

10.01.10 - журналистика

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

## АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек – 2024**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика кафедрасында жазылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи**: | **Мамбеталиев Кубан Ильясович**, филология илимдеринин доктору, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Кацев Александр Самуилович** Филология илимдеринин доктору, профессор |
| | **Асанова Алтын Асанова,** Филология илимдеринин кандидаты, доцент, К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин Журналистика жана маалыматтык системалар факультетинин деканы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин Гуманитардык факультетинин реклама жана коомчулук менен байланыш кафедрасы. (720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Киев көчөсү 44). |

Диссертация 2024-жылдын 24-декабрында саат 15.00до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547). Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/102-pms-mzx-ajn

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын электрондук порталынан төмөнкү шилтеме https://stepen.vak.kg/d_10_23_667/**mamyrova-mahabat-karimovna/** боюнча таанышууга болот.

Авторефераt 2024-жылдын 22-ноябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, филология**
**илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык темасынын актуалдуулугу.** Эгемен жылдарда Кыргызстанда журналистиканы изилденген илимде эки докторлук диссертация жакталгын (10.01.10 деген адистик боюнча) – бирөө публицистикага байланыштуу, экинчиси кыргыз радиосунун тарыхы жөнүндө. Буга кошо дагы 12 кандидаттык диссертация жакталды – булардын темалары: публицистика, радио, телевидение, экология, спорт журналистика, парламенттик журналистика, маалымат агентство жана пресса боюнча жалпы тарыхы. Аймактык журналистика багытында 2021-жылы бир диссертация жакталды – бул жерде үч областын (Ош, Жалал-Абад, Баткен) электрондук маалымат каражаттары (радио менен ТВ) каралды. Аймактык басма сөзгө арналган диссертация биринчи болуп жазылып жатат – бул биздин илимий иштин актуалдыгын далилдейт. Тактап айтканда, аймактык басма сөз боюнча тарыхый жагы да, теориялык жагы да буга чейин талдоого алына элек.

Диссертацияда эгемен Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016-жылдардагы аралыкта) саясий, маданий, экономика контекстинде салыштырылды. Эгемен доордо жаралган эркин гезиттердин тарыхый жолун системдүү түрдө карап чыктык. Иштин актуалдуулугу ушуну менен толукталат.

«Басма сөз» деген түшүнүк массалык маалымат каражаттарынын бир түрү катары XXI кылымда деле түпкү маанисин жоготкон жок. Анткени, гезит коом үчүн “күзгү” (зеркало) менен “жаңырык” (эхо). Ал коомго маалыматты жеткирүү менен гана чектелбестен, дагы маанилүү милдеттерди аткарат – ал маалыматты таратат жана аны сактайт. Гезитте жарык көргөн маалымат архивге түшөт. Маалымат кызматынын курамына кирген басма сөз илимий изилдөөгө муктаждыгы бул актуалдуу маселе. Ушуга байланыштуу илимий иште эгемен доордогу аймактык гезиттердин калыптануу жана булардын өнүгүүдөгү өзгөчөлүктөрдү жети облустук гезиттерди мисал кылып, коомдо ээлеген ордун жана ролун аныктадык.

Талдоого алган хронологиялык мезгилде (1991-2016) басма сөз элдин көз карашына түздөн-түз таасир эткен. Чет элдик эксперттер биздин өлкөгө «эркиндиктин аралы» деп баа беришине эркин гезиттер себеп болду. Буларды биз ар тараптуу салыштыруу ыкма менен анализдедик. Элге жеткире турган маалымат бир тараптуу эмес, объективдүү, адилеттүү түрдө жетүүгө коом ар дайым муктаж. Жалган жана бурмаланган маалымат кандай кесепеттерге алып келишин биз өлкөдө орун алган ыңкылап жана коогаланда күбө болдук. Баткендеги чек арасы маселелери да ушуну көрсөттү. Бул жагынан журналистиканы изилдөө келечектин милдети.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, долбоорлор жана негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Бул диссертациялык иштин темасы өлкөдөгү университет системасындагы журналистика факультеттерде аткарылып жаткан илимий иштерге

байланыштуу. Ошондой эле бул тема Ош мамлекеттик университетинин журналистика кафедрасынын илимий иштеринин тематикасына шайкеш келет.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери.** Чүй, Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарындагы басма сөздүн 1991-2016-жылдарда баскан жолун анализдеп, жыйынтык чыгаруу бул илимий иштин негизги максаты. Аймактык басма сөздүн окшоштугун жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, тармактын таржымалын ачып, жыйынтык чыгаруу да максатка кирет. Ушул максаттарды аткарыш үчүн төмөндөгү **милдеттер** коюлду:

1. Аймактык бамса сөз жөнүндө илимий түшүнүктөрдү тактап, маалымат каражаттардын коомдогу орду менен ролун көрсөтүү;
2. Кыргызстандагы аймактык басма сөздүн функцияларын аныктап, эгемен доорундагы өнүгүү этаптарын тактап жана белгилеп берүү;
3. Аймактык басма сөздүн негизги түрлөрүн аныктап чыгуу;
4. Аймактык гезиттердин мазмундук-тематикалык багытын белгилеп, жанр менен стиль жактагы өзгөчөлүктөрдү изилдеп чыгуу;
5. Жети аймактын гезиттерине мүнөздөмө берип, өлкөдө түзүлгөн курч саясий кырдаалдардын таржымалын чагылдырып берүү:
6. Өлкөдөгү жана эл аралык коомдук медиа уюмдардын иштерин белгилеп, аймактык гезиттерге тийгизген таасирлерин аныктап чыгуу;
7. Журналисттердин укутары менен милдеттерин көрсөтүп, булардын Этикалык кодексине кирген аныктаманы мүнөздөп берүү;
8. Басма сөзгө каршы берилген доо арыздарды анализдеп чыгуу, журналистиканын заманбап маселелеринин конкреттү милдетин аныктоо;

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Биз караган тема системдүү жана бир бүтүмдүү тартипте изилденген эмес. Буга чейин аймактык басма сөз өз алдынча иликтөөдөн өткөн эмес. Аймактык маалымат каражаттар багытында буга чейин бир эле диссертация жазылды - бул электрондук медиага карата жазылган (үч облустун радио менен ТВ изилденген). Басма сөз багытта биздин илимий иш биринчи болуп эсептелет. Жаңылыгы ушунда. Сөз эркиндик ар бир аймакта өзгөчө, демек ар бир аймак боюнча өз алдынча изилдөө жүргүзүү максатка ылайыктуу. Эркин гезиттер сөздүн эркиндигине умтулат. Иште ушул жагдай салыштырма түрүндө каралды – расмий гезит менен эркин гезиттердин айырмасы такталды. Бул дагы илимий иштеги “жаңылык”.

Чиновник менен журналисттин ортосунда болгон мамиле (позитивдүү жана негативдүү өлчөмдө) өлкөнүн өнүгүүсүнө таасир тийгизет. Ошондой эле журналисттердин ич ара тирешүү да таасир этет. Бул жерде кеп мамлекеттик жана мамлекеттик эмес гезиттердин ортосундагы мамиле жөнүндө болуп атат. Басма сөздүн ушул жагын талдап чыктык. Бул дагы иштин жаңылыгы.

**Изилдөөнүн теориялык-практикалык мааниси.** Диссертациялык иш өзүнө камтыган материалдарды менен журналистика илиминдеги келечекте боло турган илимий иштерине теориялык жактан көмөк көрсөтөт. Иштин

жыйынтыктары жогорку окуу жайларында журналистика боюнча лекция окуганга, студенттердин дипломдук иштерине материал болуп берет. Окуу китепти жана методикалык куралдарды жазганга да жардамы тиет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Аймактык басма сөз – бул өлкөнүн курамына кирген жергиликтүү гезиттер, муну дагы "регионалдык басма сөз" деп аташат. Багыт региондогу (аймактардагы) жашоого жакын. Биз "аймактык" деген терминди колдонобуз. Өлкөнү камтыган басма сөздү борбордук пресса деп аташат – бул жалпы республикалык басма сөз. Ушуну эске алып, аймактын жашоосун чагылдырган басылмаларды (гезит, журнал, альманах) өз алдынча изилдешет.

2. Өлкөнүн өнүгүү тарыхында ар кандай "этаптар" (өлчөмдөр) орун алат. Совет доорунда өлкө ошол доорго ылайык тарыхый этаптардан өткөн. Басма сөздүн этаптары доор менен тыгыз байланыштуу болот, себеби басма мунун негизги функциясы – тарыхтын жолун, коомдун жашоосун "жаңырык" (эхо) сыяктуу чагылдыруу. Эгемен доорунда тарых өзгөрдү, коом азыркы күнгө чейин бир нечен этаптардан өттү. Ушул процессти талдоо иши логикалык негиздерге таяныш керек. Ушундай жобону эске алышып, эгемен доорундагы басма сөздүн функциялары жана этаптары анализден өткөрүлөт.

3. Журналистиканы изилдеген илимдин методологиясы бар жана анын калыптанган методдору (ыкмалары) системалык түрдө иштелип чыккан. Буга ылайыкталган "специфика" бар. Аймактык басма сөзгө изилдөө жүргөндө илимпоз белгилүү ыкманы (методду) колдонот, булардын курамынан анан өз алдынча болгон методология түзүлөт.

4. Ар бир аймактык басма сөздө окшоштук (аймактардын баарысына тең болгон окшоштук) бар. Ушуну менен бирге ар бир аймактын (бири биринен айырмаланган) өзгөчөлүктөрү бар. Бул тармакка байланыштуу диалектика так ушундан түзүлөт – бул бири биринен ажырабай, бири бирине сиңип кетпеген диалектикалык бүтүм. Мындай жобого негизделип, аймактык басма сөз тематикалык жана мазмундук жагынан, жанр менен стиль жагынан изилденет.

5. Жети областын гезиттерине өз алдынча мүнөздөмө берип, өлкөдө орун Алган саясий кырдаалдардын таржымалын аныктап чыгуу илимий иштин бир бөлүгүн камтыйт. Саясий кырдаалды гезит чагылдырат, ошонун себептерин аныктайт – бул коомго эң керектүү иш-аракет.

6. Өлкөдө өзүнүн коомдук медиа уюмдар түзүлөт, мындан тышкары эл аралык медиа уюмдардын өкүлчүлүктөрү ачылат. Булар анан маалымат каражаттардын ишин көзөмөлдөп турушат (мониторинг аркылуу). Эгемен доорунда Кыргызстанда ушундай мониторинг орун алган жана дагы ар кандай медиа программа, тренингтер аткарылган. Басма сөздүн өнүгүшүнө булардын позитивдүү түрдөгү таасири тийди, бирок кемчиликтери да болду. Аймактагы басма сөз ошол программалар менен мониторинг кыргыз тилинде өтүүгө муктаж, алар болсо көбүнчө орус тилинде өткөн. Ушундай

жагдайлар илимий изилдөө аркылуу анализден өтүш керек деген жобо пайда болду.

7. Журналисттин укуктары эл аралык расмий документтерде жазылган, себеби бул коом үчүн маанилүү нерсе, ошондой эле милдеттери да чогуу белгиленген. Ушунун негизинде өлкөдө журналисттин Этикалык кодекс деген кабыл алынат. Кыргызстанда эгемен доорунда Этикалык кодекси жазылган. Муну эл аралык жобого салыштырып, илимдин көз карашы менен мүнөздөп бериш керек – бул зарылчылык түрдө аткара турган иш.

8. Эгемендиктин жылдарында массалык маалымат каражаттарына каршы жазылган доо арыздар түштү. Булардын бир тобу соттон каралып, коюлган доомattарды кабыл алып, журналисттерге күнөө тагылды. Ушундай иштерден басма сөзгө тиешелүү фактыларды чогултуп, илимий талдоодон өткөрүү иш коомго керек, себеби калыс эмес чечимдер менен адилетсиздикке жол берген соттун чечимдери пайда болду.

Өзгөчө үчүнчү ажо А. Атамбаевдин учурунда журналисттерге жана медиа каражаттын редакцияларына сот аркылуу коюлган штрафтардын өлчөмү 50 миллион сомго жеткен. Ушундай көрүнүштү илимий изилдөөнүн курамына киргизүү зарыл болду.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Аймактык басма сөздү илимий объект катары карап, бул тармактын тарыхый этаптарын аныктап, методологиясын белгилеп, аймактагы жергиликтүү гезиттерге анализ берип, коомдун медиа уюмдардын иш-аракеттерин иликтеп, журналисттердин Этикалык кодекстеги беренелерди аныктап, авторлор менен редакцияга каршы жазылган доо арыздарды иликтеп бергени диссертант жасаган жеке салым болуп саналат.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы.** Иштин ичиндеги материалдар жетиштүү түрдө апробациядан өттү. Илимий-практикалык конференцияларда талкууланды, илимий жыйындарда доклад түрүндө баяндалды. Макалалар Улуттук Атестациялык Комиссиянын тизмесине кирген илимий журналдарга басылып чыкты, адистешкен илимий жыйнактардан орун алды, чет элдик РИНЦтин рейтинги бар журналдардан чыкты. Мындан тышкары Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинен “гриф” берилген «Журналистика» деп аталган окуу куралын (16,5 басма табак, 500 нуска) диссертант 2022-жылы жарыкка чыгарды.

**Диссертациялык иштин натыйжаларынын жарыяланышы.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары темага шайкеш келет. Иштин мазмунуна байланыштуу болгон 15 илимий макала жарык көрдү. Акредация бар илимий журналдарга жарыяланды. Жалпы балл – 303.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч баптын курамына кирген сегиз бөлүмдөн, баптарга берген тыянак, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Иштин негизги бөлүгүнүн көлөмү −169 бет, адабияттын тизмеси менен чогуу – 179 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын **киришүү бөлүмүндө** иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуугулу, максаты жана милдеттери, жаңычылдыгы, теориялык-практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы берилди.

Биринчи бап **«Аймактык мезгилдүү басма сөздүн теориялык негиздери»** деп аталат. Мында маалымат каражаттарды изилдөөнүн тарыхы, басма сөздүн коомдогу орду, ролу, функциялары жана өнүгүү этаптары каралды. Темага жакын болгон илимий эмгектерге обзор берилди. Маалымат каражаттардын теориялык негиздери тууралуу аныкталган маалыматтардын ар бирин изилдөөгө алганбыз. Бул маалыматтардын базасында мезгилдүү басма сөздүн теориялык негиздери боюнча маселени изилдедик.

**1.1. Аймактык басма сөз жөнүндө илимий түшүнүктөр, маалымат каражаттардын коомдогу орду жана ролу.** Аймактык басма сөз аймактагы болуп жаткан окуяларды, саясий, социалдык, маданий маалыматтарды коомго ыкчамдык менен жеткирет. Аймактык басма сөз коомдо чоң мааниге ээ, себеби элдин үнүн бийликке түздөн-түз жеткирүүчү чоң ролу бар. Көптөгөн аймактык басма сөздөр коомдогу болуп жаткан көйгөйлөрдү, аймактык басылмага жарыялоо менен көптөгөн маселелерди чечүүдө. Мисалы: «Жаратылыш байлыгы – элдин байлыгы» деген макаланын негизинде көп маселе чечилет. Мисалы: «Жаратылыш байлыгы – элдин байлыгы» деген макала адамзаттын жана өлкөнүн байлыгын жаратылыштын ресурстары аркылуу түшүндүрөт. Мындай байлыктарга жер алдындагы пайдалуу казындылар, суу ресурстары, айыл чарба жери жана башка табигый ресурустар кирет. Мисалы, Кыргызстандын алтын кендери жана гидроэнергетикалык потенциалы өлкөнүн экономикалык байлыгы катары элдин жашоо деңгээлин көтөрүүгө салым кошо алат. Бул ресурустарды туура пайдалануу жана сактоо аркылуу элдин жашоо шарты жакшыртылат. Аймактагы чечилбеген маселелерди, бийликке элин үнүн, журналисттер макала жазуу менен жеткиришкен. Аймактарда эгин экен дыйканчаларга суу маселесин чечип берген.

Гезиттин тарыхын изилдеген биринчи эмгек 1892-жылы Германиядан чыккан, автору – Карл Бюхер. Орус тилине ал «Происхождение газеты» («Гезиттин пайда болушу») деген аталыш менен которулган. Ушул китепте гезит почта менен телеграфка салыштырышат да, андан кийин гезиттин айырмачылыгы аныкталат. Почтадан келген кат белгилүү бир адамдарга таандык болсо, гезит белгисиз адамдарга арналып, маалыматты жалпы элге жеткире турган каражатка айланат. «Газета – это средство к обнародованию известий» («Гезит бул – кабарларды тарата турган каражат»). [Засурский, Я.Н. Вартанова, Е. Л. Антология: История печати [Текст]: в 3-х.: учеб. Пособие для студ.

Вузов, обучающихся по направлениию подготовки бакалавров и магистров «Журналистика» и спец. Подготовки дипломирован. спец, «Журналистик» / сост. Я. Н. Засурский, Е. Л. Вартанова. / М .: Аспект Пресс, 2002. – Т. 1. 419 с. – 13-б. (Сер. Классика журналистики).

Өткөн тарыхтан мисалдар келтирилди. Айталы, В. Наполеон бийликке жаңы келгенде Францияда 73 гезит чыгып турган. Ушул гезиттердин ичинен 4 гана гезитти калтырып, калгандарын жаптырып, сөз эркиндигин даңазалаган авторлордун көзүн тазалаган. Басмаканаларды талкалаган. Мындан улам изилдөөчүлөр «Из всех своих врагов прессу он презирал больше всех» [Засурский, Я.Н. Вартанова, Е. Л. Антология: История печати [Текст]: в 3-х.: учеб. Пособие для студ. Вузов, обучающихся по направлениию подготовки бакалавров и магистров «Журналистика» и спец. Подготовки дипломирован. спец, «Журналистик» / сост. Я. Н. Засурский, Е. Л. Вартанова. / М .: Аспект Пресс, 2002. – Т. 1. 419 с. – 370-б. (Сер. Классика журналистики) деген жыйынтык чыгарышкан - «душмандардын арасынан ал прессаны өзгөчө жек көргөн». Бул маалымат «История печати: Антология» деген китепте жазылган. Диктатор өзгөчө тартипти орнотуп, гезиттин ой жүгүртүүсү императордун ой жүгүртүүсү менен үндөш болуп, өзү айткан сөздү толук берүүсүн талап кылган. Ушундай шартта ал Англия, Германия, Россиядан чыккан гезиттерди алдырып, ошолорду өзү кунт коюп окуп тургандыгы жөнүндөгү маалымат. Мындай көрүнүш (басма сөзгө тиешелүү көрүнүш) биздеги айрым жетекчилердин тушунда орун алган. Борбор Азияда орун алган мисалдар менен далилденет. Тарыхый фактыларды биз жалпы теориялык маселелер менен кошо бердик. Азыркы учурда Кыргызстандагы маалымат каражаттары эл аралык талаптарын аткарып жатканын диссертация көрсөттү.

Кыргыздардын тунгуч гезити 1924-жылы 7-ноябрында «Эркин-Тоо» деген аталышта чыккан. Ушундан улам улуттук басма сөздүн жаралуу убагы деп, бүгүнкү күнгө чейин белгиленип келет. Бул гезит кыргыз эли мамлекет деген статуска жеткенде жаралдган. Буга чейин орус, казак, татар тилинде чыккан басма сөз кыргыз жериндеги алгачкы маалымат каражаттары деп саналат, бирок мамлкеттик басма сөз деген түшүнүккө кирбейт, себеби мамлекеттик гезит мамлекет пайда болгондон кийин жаралат.

Совет доорундагы басма сөздүн тарыхый жолу илимий эмгектерде кеңири изилденди. Батыш тараптан да эмгектер чыгып, орус тилине которулган. Аталган китептер басма сөзгө байланыштуу эмгектердин катарын толуктайт жана журналисттердин ишемердүүлүгүн өстүрүүдөгү баалуу булак болуп саналат. Мисалы, Девид Рендал китебинде журналисттин маалымат жазуусуна сунуштарды берип, кабарчынын элге маалыматтарды жеткирүүсү үчүн эң негизгиси ачыктык керек экендигин айткан. «Ачыктык – бул гезит окууга караганда анчалык эмес болсо да, алар үчүн жаңылыктар менен таанышуунун башка жолдору да бар». Төмөнкү учурларга көңүл буруу зарыл:

1. Башкаларга бир сөздү айтууда же жазууда түшүндүрүү үчүн аны өзүңүз жакшы түшүнүп алууңуз керек. Түшүнбөсөңүз - жазбай эле коюңуз.
2. Эгер сиз «А» окуясынан «В» окуясына секирип өтсөңүз, анда анын

ортосунда «Б» окуясы болгонун түкшүмөлдөөгө сиз окурмандарды мажбур кыласыз. Бул чарчатат, жолдон адаштырат. Демек, логикага жатпаган секириктерди жасабаңыз».

Журналистиканын илиминде негизги категория бул «массалык маалымат», багыты - массалык аудитория, анан бул жалпы элдин көңүлүн социалдык маселелерге бурат жана коомдун көз карашын бир позицияга алып барат. «Массалык маалымат» (массовая информация) деген түшүнүктө беш илинчек тизилип турат. Биринчиси, маалыматтын конкреттүү социалдык шарттагы өзгөчөлүгү. Экинчиси, журналистиканын маалымат берүү ишин аткаруудагы мыйзам ченемдүүлүктөрү. Үчүнчүсү, журналисттерге коюлган талаптар. Төртүнчүсү, маалымат берүүнүн чыгармачылык формалары. Бешинчиси, маалыматтын булактарына ээ болгондордун журналисттерге карата мамилеси. Айтылган түшүнүктөр боюнча «Журналистика» деп аталган В.Ворошиловдун китебинде кенен жазылган.

Аймактык басма сөздүн бүгүнкү күндөгү абалы. Ар түрдүү маалымат, жаңылык, билдирүүлөрдү таркатуу менен коомдук көз караш, ой пикирлерди калыптандыруу, саясий жана илим, билимдерди даңазалоо максатын көздөгөн таасирдүү курал болуу менен дүйнөлүк цивилизациянын өркүндөп, өнүгүшүндө чоң мааниге ээ. Өлкөбүздөгү гезиттер сапат жагынан бири-бирине таасир тийгизери анык. Басма сөздүн өнүккөн жана сапатсыз жактары да каралды. Аймактык басма сөздүн хронологиялык тартиптеги тарыхы катары Баткендеги чек ара маселелери, диссертациянын негизги максаты эгемен доорунда орун алган экстремалдык кырдаалдарда Ош шаарындагы гезиттер ишин кантип алып барганына көңүл буруу болду. Ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес прессанын коомдогу орду аныкталды, позитивдүү жана негативдүү жактары талдоого алынып, такталды.

Аймактык басма сөздүн тагдыры ушул күнгө чейин илимий стилде аныкталган эмес. Анын мааниси жаңы коомдун келүүсү менен байланыштырылган жаңы сөздөр менен терминдер турмушубузда өз ордун таап келет. Бул аймактык басма сөздөр жылдардагы басма сөздөр менен салыштырып кароо керек. Мына ушунун негизинде. Аймактык басма сөздүн тагдыры кандай болот? Деген суроого жооп алууну туура көрдүк.

Аймактык бюджеттик массалык маалымат каражаттарын реформалоо тууралуу кеп жүрө баштаган. Маданият, маалымат жана туризм министрлиги аймактардагы азыркы иштеп жаткан бюджеттик массалык маалымат каражаттарын азыркы замандын талабына ылайыкташтыруу, алардын башка структурага, форматка өткөрүүгө ишинин натыйжалуулугун арттыруу максат коюлган. Бирок муну ишке ашыра турган реформа тууралуу коомчулукка кеңири маалымат берилбеди. Бир нерсе жасалды - бул бюджеттик мекеме-ишканаларды оптималдаштыруу жөнүндөгү Өкмөтүнүн токтомуна ылайык, иши натыйжасыз деп эсептелинген аймактык медиа каражаттын курамын, материалдык-техникалык базасын иреттештирүү жана оптималдаштыруу багыты каралганы маалым болгон. Бул максат менен аймактардын бюджеттик медиа кароажаттарын бир структурага бириктирип, бир медиа-

борборго чогултуп иш алып барышмак болгон. Бирок буга каршы чыккандар пайда болуп, Жогорку Кенештин профилдик комитетине таасир эткенден кийин аталган реформа токтоп калды

**Жыйнтыктап айтканда,** областагы район менен шаардык гезиттердин азыркы көйгөйү бул ошол аймактын гана көйгөйү эмес. Бул жалпы өлкөдөгү көйгөйү, себеби борбор калаадан чыгып жаткан гезиттер нускасы азайганда, окурмандарын жоготпоо үчүн, электрондук формадагы басма сөзгө өтүп атышат. Гезиттер чыкпай калса, интернетте жаңы ресурстар пайда болот, журналисттер ошол жактан иштей беришет. Бирок, гезиттердин жоголушунан бир нерсе чыгат – тилибиз зыянга учурап калышы ыктымал. Азырынча грамматика, стиль жактан катасыз жазуу, катасыз контент тартуулоо жагынан гезиттерде аракет кылшат, интернетте болсо тил зыянга учурап жатат.

2.2 **Аймактык басма сөздүн функциялары жана эгемен доордогу маалымат каражаттардын өнүгүү этаптары.** Аймактык басма сөздүн кызматы, коомго ар түрдүү маалымат, жаңылык, билдирүүлөрдү таркатуу менен коомдогу көз-караш, ой пикирлерди калыптандыруу, саясий жана илим, билимдерди даңазалоо максатын көздөгөн таасирдүү функцияларды аткаруу менен, дүйнөдөгү жаңылыктарды, аймак-аймактарга ыкчам түрдө жеткирүүгө аракет кылуу менен замандын талабына ылайыкташып ар бир басма сөз “сайт” ачып атат. Аймактык басма сөздүн функциялары талдоого алдык.

1991-жылы Кыргызстанда эгемендик доор башталды. Медиа каражаттар совет бийлигинин көзөмөлүнөн бошоду. Компартиянын цензурасы жокко чыкты, бирок эски бийликти тейлеген гезиттер борбордо, областтарда жана райондордо жаңы бийликке кызмат кылып баштады. Бир эле «Вечерний Фрунзе» гезити мамлекеттин көзөмөлүнөн бошоп, эркин гезитке айланган, мурун шаардык аткаруу бийлиги менен шаардык компартиянын кол алдында болгон. Калган гезиттер жаңы бийликтин саясатын колдой башташты – ар бир областта, ар бир райондо жергиликтүү администрация гезиттери бар. Мисал кылсак, Ошто областтык масштабда мамлекеттик гезиттерден үчөөсү бар - кыргыз, орус, өзбек тилинде чыгышат.

**Жыйынтыктап айтканда,** аймактык басма сөз маалымат чагылдырууда чыныгы абалды жана эмоцияларды көрсөтүүгө умтулат. Бул расмий жана расмий эмес гезиттердин арасындагы антагонизмди жаратат. Бирок бул процесс диалектика формасында өтөт – бул бири дирине сиңип кетпей жана бири биринен ажырабай турган диалектика. Аймактык басма сөздүн негизги кызматы - бул маалыматты коомго толук жеткирүү жана аны жайылтуу. Ушуну процессти изилдеп чыктык.

Экинчи бап **«Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** деп аталат.

Мында басма сөздү изилдөөнүн методологиясы каралды, аныктамалары көрсөтүлдү. Маалыматты туура жана толук берүү,

окурмандарды кызыктыруу, маселелерди түшүндүрүү багытындагы ыкмалар иликтенди. Окумуштуулардын методологияга байланыштуу эмгектери үлгү катары мисалга келтирилди. Бул жагынан кыргыз журналистикага тармагына тийиштүү (методологияга тийиштүү) эмгектер экенин белгилеп кетели. Диссертацияга биз негизинен “салыштырма” методун колдондук - бул ыкма илимдин “компаративистика” деген структурасына кирет. Кошумча “синтез, анализ, саясий-типологиялык жана диалектикалык” методдорду колдондук.

Биздин изилдөө иштин **объектиси** Кыргызстандын аймактарындагы басылмалардын өнүгүүсү, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес гезиттердин коомго маалымат берүү айырмачылыктары. Аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы баскыч сөздөрдүн аныктамаларын көрсөтүү, маалыматты туура жана толук берүү, окурмандарды кызыктыруу жана түшүндүрүү. Маалыматтын белгиленген аудиториянын түшүнүктөрүнө ылайыктуу, көйгөйлүү маалыматтарды чечүү. Адистерди туура тандоо, жаңылыктарды жаңылоо жана жарнама кызматтарды өзгөртүү, туура түзүү. Жаңылыктарды бат жеткирүүгө, жаңы изилдөөлөрдүн жаңычылдыгын ачып берүү. Ал эми **предметин** диссертациянын тандалып алынган темасына, анын максаты менен милдеттерине байланыштуу эгемен доорундагы маалымат каражаттарынын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптарынын ишмердүүлүгүнө, түзүлүшүнө жана өнүгүшүнө таасир эткен социалдык, саясий процесстерди чагылдырган материалдар түзөт.

Кыргыз журналистикасына тиешелүү диссертациялык иштерди эсепке алсак, анда журналистика адистиги боюнча совет доорунда жакталган (биринчи жолу) Токтосун Мамбетсариевдин кандидаттык диссертациясын аташыбыз керек. Кыргыз журналистикасынын тарыхын изилдеген эмгектер совет доорунан кийин чыга баштады, алар Ж. Бакашева (2002), С. Усупов (2007), Т. Кадыров (2013), А.Дүйшекеева (2013), Б.Орунбеков (2015), Л.Калчаева (2002), Н.Джумагазиева (2018), М.Мырзагулов (2014) жана башкалар. Өзгөчө орунду Г.Ибраева, С.Куликованын (2002) эмгеги ээлейт, мында Кыргызстандын массалык маалымат каражаттарынын эгемен доорундагы тарыхый жолу комплекстүү түрдө социологиялык иликтөө аркылуу изилденген. Китеп кыргыз жана орус тилдеринде чыкты.

Бакыт Орунбеков «Журналистика негиздери» деген китебинде бийликтин массалык маалымат каражаттарын көзөмөлдөшү, андагы маалыматтын эркин болушуна чек коюлгандыгы, цензура жана ММКлар агартуучулук айдыңында чоң салым кошкондугу тууралуу кеп кылат. [Орунбеков, Б. Журналистика негиздери [Текст]: окуу китеби / Б. Орунбеков. – Бишкек: 2015. – 31-б]. Аталган авторлордун айрым тыянактарына диссертацияда сын пикир айтылды (полемикалык түрдө).

Маалымат түшүнүгүн талдап берүү маселе үчүн журналистиканы изилдеген илимпоздордун илимий эмгектери негиз берди. Советтик башкаруудан тарта бүгүнкү доорго чейинки журналистиканын, басма сөздүн тарыхына, маалыматтык программаларды уюштуруунун муктаждыгына, аткаруу милдеттерине, өнүгүү тенденциясы боюнча ачылыштар, изилдөөлөр

жана анализдер илимий эмгектерде кеңири орун алды. Бул топто В.Егоров, Э.Багиров, Р.Юровский, В.Ворошилов, Е.Ахмадулин, Г.Бакулев, М.Ким, В.Цвик, С.Муратов, В.Смирнов, А.Тертычный, Н.Омашев, Л.Васильева, А.Князев, М.Маргонт жана башкалар турат.

Экинчи топ Кыргызстандын журналистикасы боюнча жазылган илимий эмгектер менен байланыштуу. Журналистиканын жана басма сөздүн тарыхы, ишмердүүлүктөрү жана жанрдык ар түрдүүлүктөрү А.Кацев, К.Мамбеталиев, Ж.Бакашова, В.Сабирова, Ж.Султанова, С.Жумагулов, Б.Орунбеков, М.Мырзыгулов, А.Дүйшекеева, Г.Ибраева, Д.Кадыров, А.Асанова, А.Халилов, Н.Джумагазиева, Ж.Акматбекова жана дагы башка авторлордун эмгектерине таянат. Ошондой эле эмпирикалык изилдөөлөр, сурамжылоолор, отчёттор, илимий эмгегибиздин методологиялык негизин түздү.

**2.1. Аймактык газеталардын негизги түрлөрү (типтери).** Бул аймактык гезиттердин негизги типтерин, жалпы маданиятын, мазмун менен темаларын, жанр жана стиль жагынан өзгөчөлүктөрүн аныктаган бөлүм. Факт менен көрүнүштү, ыкмаларды изилдөө ишинде өзүнүн методологиясы бар. Бул гуманитардык багыт менен бириккен илимдин негиздерине таянат, анан өзүнүн өзгөчө методдорун колдонот. Принциптер, көз караштар изилдөөнүн обьектисине ылайык өз алдынча калыптанган системага кирет. Журналистиканын илимий социалдык-тарыхый билиминин жалпы мыйзамдарына багынат, себеби журналисттин чыгармасы социалдык практиканын курамында ишке ашат. Коомго компетенттүү түрдө баа берүү үчүн, журналист коомдогу өнүгүү процесстин жалпы мыйзамдарын толук жана терең түрдө түшүнүш керек.

Ушуга байланыштуу фундаменталдык билим негизги база катары кабыл алынат. Изилдөөнүн негизги багыты илимий ишти туура жолго салып, керектүү методдорду колдонуу аракеттерин талап кылат. Мындай жолдо башка үзөнгүлөш болгон илимдердин (философия, эстетика, социология, тарых, геополитика, адабияттын теориясы) ыкмалары колдонулат, бирок көчүрмө катары эмес, адаптация түрдө колдонулат. Журналистика илими өзүнө ылайык методологияны түзгөн, бул жагынан белгилүү эмгектер жазылган. Мисалы, профессор М.Ким жазган “Основы творческой деятельности журналиста” деген китеп (2011-жылы чыккан). [Ким, М. Н. Основы творческой деятельности журналиста / [Текст]: учеб. для вузов / М. Н. Ким. – СПб.: Питер, 2011. – 400 с. 105-б.

Диссертацияда тарыхый-салыштырмалуу методу колдонулду – бул факты менен көрүнүштүн универсалдуулук жана өзгөчөлүк жагын салыштырып, айырмаларын көрсөтөт. Бөлүктөрдүн бири-бирине тийгизген таасирлерин аныктоо үчүн «сопоставительно-типологический метод» дегенди колдонуш керек (муну «компаративистский метод» деп да аташат).

Региондордогу журналистиканын өнүгүү жолунда окшоштуктар менен ар бир аймакка таандык болгон өзгөчөлүктөр бар. Аймактык газеталардын негизги типтери да мына ушунда. Жалпысынан карасак, системалык түрдөгү келишпестиктер да орун алат, мисалы, мамлекеттик медиа каражаттары менен мамлекеттик эмес каражаттардын ортосундагы позициондук

тирешүүлөр болот, себеби жанагы диалектикалык биримдиктен эки тараптын максаттары бир калыпка түшпөйт – бир жагынан бийликтин камчысын колдогон тарап, экинчи жагынан граждандык коомдун кызыкчылыгын колдогон тарап. Эки тарап илгерки мезгилден бери алмак-салмак болуп тирешип келе жатат. Ушуга байланыштуу журналистиканын түрлөрү жаралган – бул монархиялык, социалисттик, коммунисттик, улутчулдук багытта. Ушу жөнүндө мисалдар [Ворошилов, В.В. "Журналистика" деген китебинде берилген [Текст]: учеб. / В.В. Ворошилов. – 2-е изд. – СПб.: Изд-во Михайлова В. А., 2000. – 360 с 32-43-б.б.].

**Жыйынтыктап айтканда,** экинчи баптын биринчи бөлүмүндө аймактык газеталардын негизги типтери аныкталды жана аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методдору системдүү түрдө каралды. Коомго таасир берип турган маалыматтар тууралуу, окурмандын сезими жөнүндө көз караштары бердик. Гезит интеллектуалдык, саясий, бизнес чөйрөсүндө кызыгууларды жаратат. Ар бир аймактагы басма сөздөгү маалыматтар бири-бирине окшобогон сапаты менен коомго таасирдүү.

**2.2. Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык багыты, жанр жана стиль жактагы өзгөчөлүктөрү.** Ар бир аймактык гезиттердин негизги багыттарын белгиледик. Мисалы, Америкадагы профсоюздардын гезиттери бар, бизде көрүнүш башкача. Бизде профсоюздардын гезиттери жок, бирок ислам диндин гезиттери бар (нускалары көп эмес). Функциялык мааниде да гезиттерди бөлүштүрсө болот. Мисалы, Орусиянын басма сөзүн профессор Е.Прохоров универсалдуу, көп профилдүү жана адистештирилген гезиттер деп үчкө бөлүштүргөн [Прохоров, Е. П. Терминологический аппарат – понятивйно-смысловой скелет науки [Текст] / Е. П. Прохоров // Вест. МГУ. Сер. 10: Журналистика. – 2012. – № 1. – 27-38 с. 14-б]. Мындай бөлүштүрүү аудиториялык кырдаалга жараша болот. Универсалдуу гезиттин аудиториясы кенен, тиражы көп. Адиске арналган гезит чөйрөсү чектелген чакан болот. Так ушул аракет салттуу эстафетага айланды. Ушул жагынан медиа системасындагы жалпы окшоштуктун контекстине кирген индивидуалдуу айырмачылыкты көрсөтүш үчүн салыштырма ыкма колдонулду. Салыштыруунун белгилүү бир түрлөрү бар: бул тышкы, ички, улуттук, регионалдык, эл аралык, жеке элементтерге байланыштуу. Ар бир тарыхый доордун, кырдаалдын жана учурдун белгиси болот, бул мезгилдин талабына ылайык көрүнүш. Журналистика көр оокат жашоого тыгыз байланышта болот. Көркөм адабият «эпохалдуу жана элестүү» болсо, журналистика «хроникалдуу жана документалдуу» болот.

Аймактык басма сөз маалыматты коомго ыкчам жеткирүү менен коомдук көз караш, ой пикирлерди калыптандыруу, билимдерди даңазалоо максатын көздөгөн таасирдүү курал болуу менен дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүндө чоң мааниге ээ. Аймактык басма сөз бүгүнкү күндө замандын талабына ылайыкташып, көпчүлүгү "онлайн" форматка өтүү менен бирге "сайт" дегенге ээ болуп атат. Ошондой эле мамлекеттик жана мамлекеттик эмес прессанын коомдогу орду аныкталды.

**Жыйынтыктап айтканда**, гезиттик текст мазмуну жагынан да, маалыматтык багыты боюнча да бирдей эмес экендигин байкоого болот. Ошондуктан гезит беттерине ар түрдүү мазмундагы материалдар жарыяланып жүрөт. Аймактык басма сөздүн мазмундук-тематикалык багыты, жанр менен стиль жагынан өзгөчөлүктөрүн аныкташ үчүн диссертацияда аймактык басма сөз изилденип чыкты.

Үчүнчү бап **“Эгемен Кыргызстандагы аймактык гезиттер, өнүгүүнүн окшоштугу жана өзгөчөлүктөр (жети облустагы басма сөздүн мисалында)** деп аталат. Мында жети облустун гезиттерине катары менен мүнөздөмө берилди жана өлкөдө болуп өткөн саясий кырдаалдар жөнүндө айтылды – буга үч жолу орун алган “ынкылап”, эки жолу болгон “коогалаң” жана бир жолу эки сыйра ислам экстремисттерден кол салган фактылар кирет.

Адам коомдогу болуп жаткан окуяларга кайдыгер эмес. Коом менен адамды бириктирген каражат ыкмасынын бири басма сөз болуп саналат. Ушул жагына да көнүл бурулду. Өлкөбүздө иштеген журналисттердин бирикмелеринин жана бизге келип иштеген эл аралык медиа уюмдардын иш-аракеттерин карап чыктык, жана булардын басма сөзгө тийгизген таасирлерин аныктадык. Дагы журналисттин укугу, милдети жана этикалык кодексине көнүл бурулду. Жана иштин аягында басма сөзгө каршы берилген доо арыздар каралды.

### 3.1. Жети областын гезиттери жана өлкөдөгу саясый кырдаалдар.

Жети областын гезиттери ар тараптан каралып чыкты – булардын саны жагынан, турпаты, статустары, нускалары, штаты жактан мүнөздөлдү. Нарын жана Таласта областтык расмий гезиттер кыргыз тилинде кана чыгат (“Теңир Тоо” жана “Талас турмушу”). Ыссык-Көл жана Чүйдө областтык расмий гезиттер эки тилде чыгат – кыргызча, орусча (“Ыссык-Көл кабарлары” менен “Вести Иссык-Куля”, “Чуй баяны” менен “Чуйские известия”). Баткенде областтык расмий гезит бир эле кыргызча чыгат (“Баткен таңы”). Бул жерде дагы тажик тилинде чыккан бир расмий эмес гезити бар (“Паёми. Ала-Тоо”) – ушул тилде өлкө масштабында бул жалгыз басма сөз. Ош менен Жалал-Абадда областтык расмий гезиттер үч тилде чыгат – кыргыз, орус жана өзбек тилдеринд (“Ош жаңырыгы”, “Эхо Оша” менен “Ош содоси”, Жалал-Абадда “Акыйкат” менен “Жалал-Абад тонҕи”). Тил жагынан айырмалар жергиликтүү калктын этникалык курамына байланыштуу. Бул гезиттер жумасына бир жолу чыгышат, бир кана Ошто аталган расмий гезиттер жумасына эки жолу чыгышат. Нуска жагын карасак, тиражы 1000-2000. Алты облуста ушундай көрсөткүч. Ошто расмий гезиттердин нускасы эки эсе көп (орус тилинде тираж 3000, өзбек тилинде 4000, кыргыз тилинде 4500). Бул жергиликтүү элдин саны менен байланыштуу.

Коомдук башталышта Чүйдө 5 гезит бар, Ыссык-Көлдө да ушундай 5 гезит чыгат, Нарында 2 гезит, Жалал-Абадда 4 гезит, Ошто 12 гезит, Таласта болсо мындай башталышта чыккан гезит жок. Мындан тышкары дагы ведомстволук гезиттер бар - Чүйдө Токмокто типография гезит чыгарат,

Ысык-Көлдө "облпотребсоюз", "облкомитет охраны природы", "областык салык инспекция", "Генофонд" деген уюм жана бир агрофирма гезиттерин чыгарышат, Таласта областын билим берүү башкарма гезитин чыгарат, Жалал-Абадда укук коргоочулардын гезити чыгып турду, Баткенде АО "Кызыл-Кыя көмүр" гезитин чыгарат, Ошто ОсОО "Ошбасмасөз", "Мегаполис", "Жети Тус" фирмалары, БМДС" деген коомдук бирикменин, маалымат каражаттарын корго уюмунун гезиттери чыгат. Нарында мындай гезит жок. Ысык-Көлдөгү, Таластагы, Жалал-Абаддагы университеттердин гезиттери чыгат. Ошто эки студенттик гезити бар жана дагы университеттин профессор менен окутуучулардын курамын гезити бар (мындай түрдө бул өлкөдө жалгыз гезит). Нарын менен Чүйдө студенттердин гезити жок.

Облустардагы шаарларда расмий статуста үч гезит чыгат – "Жалал-Абад үнү" (кыргыз тилинде), "Ош шамы" (кыргыз, орус, өзбек тилдерде), "Каракол" (кыргыз жана орус тилде). Динге багышталган гезиттер Жалал-Абадда чыгат – кыргыз тилинде "Мусульман", Мутакаллим", "Ислам ажары" жана орус тилинде "Твой путь" деген христиандардын гезити "таблоид" формасында чыгат. Ошто "Иймон юлдузи" деген гезит өзбек тилде, Баткенде "Ыйман авазы" кыргыз жана өзбек тилинде чыгат. Башка жерде мындай гезит жок.

Саясий кырдаалдар аймактык басма сөзгө ар тараптан чагылдырды. Фактылар менен окуялар изилденип, эмгектер жаралды. Талант Разаков 1993-жылы өз алдынча китепти чыгарды, 2011-жылы китеп толукталып, экинчи жолу басылды. Китеп Оштогу кандуу окуяга байланыштуу жазылган - 1990-жылдагы ыңкылап чагылдырган. Ошол кезде Москвадан чыккан борбордук гезиттердин орду жана аткарган иш-аракети илимий эмгектерде изилденди. Буга мисал, 2006-жылы жакталган А.Сатарбаев жазган диссертация, орус тилинде, темасы "Причины и уроки ошских и узгенских событий 1990 года". Мындан бир цитатаны которуп берели. "Оштогу эл аралык тирешке жана андан уланган кан төгүүгө массалык маалымат каражаттар өзүнүн "үлүшүн" кошкон, өзгөчө борбордон чыккан "Правда", "Известия", "Труд" деген гезиттер чындыкка туш келбеген материалдарды жарыялап турушту". Бир "божомолду" дагы "Литературная газета" минтип жазган – "элге кыргыз милиция тарабынан ок атылды, кыргыздын "боевиктери" эки жума атайын даярдоодон өтүп, "сигналды" күтүп турушкан". ోштон орус тилинде чыккан басма сөзгө да өзүнчө көңүл буруш керек.

1999-жылы Баткендеги чек арга ислам экстремисттери келип, өлкөгө коркунуч жаратышты, окуя үч айга созулду, бир жылдан кийин кол салуу дагы бир жолу кайталанды. Бирок душмандардын максаты ишке ашпады. Эки жылдан кийин (2002) Жалал-Абад аймагында «Аксы окуясы» болду, элге ок атылды – милиция тараптан атылды. Мындай нерсе буга чейин (эгемен доордо) болгон эмес. Элдин наарazычылыгы күчөп, 2005-жылы кыргыздардын биринчи ыңкылап Акаевди өлкөдөн качып кетүүгө мажбурлады.

2010-жылы апрель айында  экинчи ыңкылап болду, экинчи президент да качты. Ошол эле жылы июнь айында Ошто экинчи коогалаң өттү. Анан 2020-жылы октябрь айында  үчүнчү ыңкылап жаралды. 2017-жылы үчүнчү президент Атамбаев  бийликти  өткөрүп берип,  иштери ачыкка чыкканда, «реванш» алам деп абакка түштү.

Жыйнтыктап айтканда, гезиттердин таржымалы жана  саясий кырдаалдар  боюнча хронология ушундай. Бул  басма сөздө ар тараптан чагылдырылды. Ошондо болгон окуялар изилденип, публицистика катары китептерге кирди, бирок илимий тармактын (басма сөздү  изилдеген тармактын)  буга чейин кире элек. Биз  тиешелүү материалдарды жети областын гезитинен карадык.

**3.2. Өлкөнүн жана эл аралык медиа уюмдардын ишмердүүлүгү, булардын  аймактык гезиттерге тийгизген таасирлери.** Аталган уюмдар коомго пайда тийгизет. Кыргызстан бул басма сөз эркиндиги жагынан Борбор Азияда алдыда дегени менен журналистикада материалдар  сапат жагынан алдыга чыга элек.  Мисалы, IREX уюмдун соңку беш жылда (2015-2019) чыккан баяндамасында Кыргызстандагы маалымат каражаттардын сапаты  кесипкөйлүк жагынан  төмөн деп бааланган. Ушуну эске алып, биз журналистиканын көйгөйлөрүн ушул тараптан изилдедик. Журналисттер үчүн окутууларды эл аралык уюмдар уюштурат. Мисалы, “Интерньюс” өткөргөн окуулар  журналистиканын стандарттары тууралуу билимди кыска мөөнөттүн ичинде беришет. “Сорос-Кыргызстан” фонду да журналисттерге окутууларды уюштуруп турат. Булардын бир кемчили бар – бул окутуулар көбүнчө орус тилинде өтөт, ушуну кыргыз тилинде өткөрсө  аймактын медиа каражаттарга пайдасы жогору болмок. Мындайга кыргыз тилин билген тренерлерди даярдоо маселесин чечиш керек, себеби аймактарда гезиттердин көпчүлүгү (90 %) кыргыз тилинде чыгат. Ушундай жагдай сурамжылоо аркылуу аныкталды -буга 177 киши катышты (редакторлор, эксперттер, журналисттер).

Тилден тышкары, жаңы маалымат жергиликтүү шартка ылайык болуп берилбей жатканы айтылды. “Батыштын формасын таңуулап, журналистти бир рамкага салып койгусу келгендей сезилет” деген пикир угузулду. “Жер жерлердин, аймактын шарттарын жана тилди эске алышпайт” деген доомат пайда болду. Пандемия учурунда окутуу  токтоп калган жок. Ошол жылдарда (2020-2021) маалымат каражаттардын түйшүктөрү милиция башкармасына тийиштүү болду. Бишкектин коменданты мындай чечим кабыл алды – “медиа каражаттарына “акредитация” берилбейт” деп. Чечим расмий эмес маалымат каражаттарына карата чыгарылган болчу. Комендант эркин басма сөз менен мамилени  түзө алалбай койду.

Сурамжылоо аркылуу  дагы бир нерсе көрүндү. Мындай пикирлер айтылды. “Бизге практикалык иштер жагат, жаны технология колдонуу боюнча теориясы эмес, иш жүзүндө кандай колдонуш керек, кандай кыйынчылык бар, ошону  чечүүгө кандай жолдор бар”. Анан мындай пикир айтылды – “мастер класстарда берилген мисалдары 3-4 жыл мурдагы болгон

иш  эмес, акыркы жылдын маалыматтары кызыктырат”. Дагы пикир – “бир жума бою окутуунун кажети жок, мастер класс 2-3 кун болгону жетиштүү”.

“Меди Полис институту” деген коомдук фонд медиа кызматкерлерине юридикалык жактан жардам берет. Фонддун сайты орус тил менен кана толукталып турат, кыргыз тилинде маалымат жок. Кемчилиги ушунда.

**Жыйынтыктап айтканда,** эл аралык уюмдар масс-медиа тармагына багыштап семинар менен тренингти  аймактын журналисттердин катышуусу менен өткөрүшөт.  Окуу курстарын аймактын журналисттерине арнашат. Булар “Ресурсный центр СМИ” дегенди облустардын борборунан ачышты (Оштон жана Жаолал-Абаддан). Аймактарга абдан керек нерсе. Кемчилиги тил жагынан болкуп атат – сабактар орусча же англисче өтөт. Кыргыз тилин тренерлер жакшы билишпейт. Ушуну эске алса деген тилек.

**3.3. Журналисттердин укук, милдети жана этикасы.** Бул бөлумдө журналисттердин укуктары, милдеттери жана Этикалык кодекс каралды. Батыштагы стандарттарга салыштырсак, анда журналисттердин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги ушул жоболор менен байланыштуу. Журналисттердин иш-аракеттери улуттук тажрыйбаны камтып, жергиликтүү шартка ылайыкташып, маалымат чогултуп жана аны  жайылтууга багыт алат. Ушунун негизинде Этикалык кодекс жазылат.

1948-жылы эл аралык документ кабыл алынган – “Всеобщая декларация прав человека” деп аталат. Ушул жерде жарандардын “сөз эркиндигине” укугу бар деп жазылган. Кыргызстандагы журналисттердин Этикалык кодекси 2007-жылы кабыл алынган. Андан кийин 2009-жылы буга түзөтүүлөр кирди. Кодекс маалымат тармагындагы кызматкерлердин кесиптик денгээлин көтөрүп, коомдон болгон ишенимди сактоо максатында иштелип чыккан. 10-беренеде аныктама минтип жазылган – “фактылар, божомол жана пикирлер бири-биринен даана ажыратууга муктаж”. Биринчи орунда фактылар, муну журналист бурмалап берсе, анда кесиптин сапаты жоголот.

Коомдун бир жагында бийлик турат, экинчи жагында маалымат каражаттар. Ортосунда жол. Ошол жол дайыма таза туруш керек, бул жерге тосмолордун кереги жок. Ушул жол менен эл басат. Жолду күн сайын тазалай турган кызматкер – бул журналист. Ушуга байланыштуу муну “коомдун кароолчу” жана “коомдун тазалагычы” деп аташат. Коомдо коркунуч сезим болбосун деп, маалымат каражаттар жаралган. Кыргызстандын коомунда коркуу сезими жок. Мындай абалга коом басма сөздүн көмөгү менен жетти. Ар бир өлкөдө бийлик менен басма создун ортосунда конкреттүү мамиле түзүлөт. Анан ушул мамиленин ар бир өлкөгө таандык болгон өзгөчөлүгү бар. Ар биринде бул жагынан оз алдынча “контекст” түзүлөт. Бул законченемдүү көрүнүш. Ар бир өлкөнүн өнүгүшүнө, саясатына, салтына жана өлкөнүн башчысына да жараша “контекст” түзүлөт. Тарыхтын табияты ушундай. Тарыхта жеке инсандын өлкөгө кошкон салымы, таасири илгертеден бери орун алып келе жатат. Муну “роль личности в истории” (“инсандын тарыхтагы ролу”) деп аташат.

Айрым учурда "культ личности" ("жеке адамдын үстөмдүгү") деген ыплас көрүнүш пайда болот.

**Жыйынтыктап айтканда,** кыргыз журналистика коомго "кароол" болуп, коомго "тазалагыч" деген кызматты жакшы аткарып келе жатат. Эгемен доордун жылдарында эл менен болуп, эл менен чогуу кыйынчылык келген учурлардан ийгиликтүү өттү. "Культ личности" деген учурларга багынбады. Бийлик тарапка акын Арстанбектин эки сап сөзүн тынбай айтып турду – "эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң". Эки эле сап.

**3.4. Басма сөзгө каршы берилген доо арыздар.** 1991-жылы депутаттарды сынга алган авторго каршы доо арыз жазылган. Эгемен доорундагы басма сөзгө каршы жазылган биринчи доо арыз. Иш сот процессине жеткен жок, себеби арызды баш прокурор өзү токтотту. Окуянын таржымалын жогоруда айтып бердик. Биринчи президент Акаевдин бийлигинин биринчи жылында орун алган факт. 1992-жылы президент гезит редакторлорду жыйынга чакырып, кескин түрдө талап койду – "мындан ары мени сынга албагыла" деп. 1993-жылы премьер-министр "цензура" киргизем деп буйрук чыгарды. Журналисттер наразычылык билдирди, буйрук жокко чыкты. 1994-жылы орус тилинде чыккан "Свободные горы" деп аталган парламенттин гезити баш прокурордун арызы менен сот аркылуу жабылды. 1996-жылы бир укук коргочу менен эки журналист камакка алынды – булар ажону сынга алган "памфлет" сыяктуу баракчаны элге тараткан. Анан эл аралык "Международная Амнистия" деген уюм буларга "узник совести" (абийр туткуну) деген наамды ыйгарды. 1997-жылы "Криминал" жана "Лимон" деген эки гезитти соттун чечими менен жаптырды. Биринчи президенттин учурунда сөз эркиндигине каршы сотко 45 доо арыз жызылды. Бул статистиканы "мониторинг" көрсөттү.

Экинчи президенттин мөөнөтүндө журналисттерге каршы сот процесстери мынчалык масштабга жеткен жок, себеби ал башка ыкмалар менен сөз күрөштү жүргүздү. Ал 5 жыл бийликте турган (2005-2010). Ушул учурда эки журналист өлүмгө учурады.

Үчүнчү президент (Атамбаев) келгенде журналисттерге каршы доо арыздар жамгырдай жаады. Сот аркылуу автор менен редакцияларга салынган штрафтардын жалпы өлчөмү 50 миллион сомго жетти (валюталык курсу боюнча бул ошондо 1 миллион долларга барабар эле). Мындай болгон эмес. Кырдаал "абсурд" дегенге жетти. Бир мисалды берели. Журналист Дайырбек Орунбековго сот 2 миллион сом штраф салды. Анан ушул факты боюнча ажо пресс-конференцияда минтип айтты. "Мен муну эч качан кечирбейм. Мен мындан ары да сотко берем. Эгер ажо болбогондо, Орунбековду жыга чабат элем". Юрист Чолпон Джакуповага 3 миллион штраф салынды. Ал макаласында мындай сөз жазган – "Атамбаев это человека с маниакальными наклонностями". "Маниакальный" деген сөз үчүн сотко тартылды. Юрист айым анан президентке кат жазып, мындай суроо койду – "сиз соттун чечими менен пикир айтууну жана сезимди жокко

чыгара аласызбы?” Суроо маанилүү болду. Президент пикир менен сезимди “токтоткон” жок.

Төртүнчү президент С.Жээнбеков мындай жолду улаган жок. 2018-жылы баш прокурордун укугу (ажонун атынан доо арыз берген укук) токтоду. Бул укукту (прокурорго берген укукту) 2003-жылы А.Акаевдин учурунда юристтер мыйзамдаштырып салган, бирок муну Акаев өзү колдонууга үлгүрбей калды, Бакиев болсо мундай укуктун кереги жок болду, себеби башка ыкма менен эркин сөз менен күрөштү.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Диссертациянын максатына ылайык, кыргыз журналистиканын аймактык басма сөзүн ар тараптан көрсөтүп, тенденцияларын аныкташ үчүн төмөнкүдөй натыйжаларга ээ болдук.

1. Илимий иштин биринчи бабы аймактык басма сөздүн теориялык негиздерин анализдөөгө арналды. Аймактык басма сөз жөнүндөгү илимий түшүнүктөр аркылуу маалымат каражаттардын коомдогу орду жана ролу каралды. Дагы маалымат каражаттарынын өнүгүү этаптары аныкталды. Анализге алынган материал эгемен доордун биринчи чейрегине туш келет. Ушул мезгилдеги аймактык басма сөз илимдин ыкмасы менен мурун иликтөөдөн өткөн эмес. Эгемен доордо өлкөнүн маалымат каражаттарга байланыштуу эки кана докторлук диссертация жакталды – биринчиси публицистика жанрына арналган, экинчиси радио тармагын караган. Дагы он чакты кандидаттык диссертация жакталды – тематикасы радио, ТВ, экология, спорт, маалымат агентство, парламенттик журналистика жана жалпы тарых. Ал эми аймактык маалымат каражатын алсак, анда бул темага бир эле кандидаттык диссертация жазылды – үч областын электрондук каражаттын материалында (радио, ТВ). Аймактык басма сөзү изилденген эмес, ушуга байланыштуу теманы тандадык.

2. Экинчи бабында аймактык басма сөздү изилдөөнүн методологиясы менен методикасы каралды. Аймактын гезиттеринин негизги түрлөрү (типтер) аныкталды. Ошондой эле мазмун-тематика боюнча багыты, жанр менен стиль жактагы өзгөчөлүктөрү изилденди. Журналистика илими өзүнө ылайык методологияны түзгөн, бул жагынан белгилүү эмгектер жазылган. Европадан “Журналистские расследования: современные методы и техника” деген китеп чыкты (автор Джон Уллмен), Россиядан “Основы творческой деятельности журналиста” (автор М.Ким). Кыргызстанда бул багыттагы китеп чыга элек. Аймактык журналистикада окшоштук жана ар бир жерге таандык болгон өзгөчөлүктөр бар. Гезиттердин “типтери” ушуга байланыштуу. Расмий жана расмий эмес гезиттердин ортосундагы позициялык тирешүүнү диалектикалык биримдик катары караш керек – бири бирине сиңип кетпейт жана бири биринен ажырап да кетпейт. Бул ушундай диалектика.

3. Аймактык гезиттердин негизги багыттарын белгиледик. Мисал

алсак, бизде профсоюздардын гезити жок, бирок исламдык диний гезиттер бар. Салык инспекциянын гезити бар, студенттердин, милициянын, акционерлик коомдордун, билим берүү мекемелердин, туристтик агентстволордун гезити бар. Мындайды профессор Е.Прохоров "универсалдуу, көп профилдүү жана адистик жагынан бириккен гезиттер" деп бөлүштүрдү. Бул аудиторияга жараша – универсалдуу гезитте кенен, адистердин гезитинде чектелүү.

4. Окшоштук менен айырмаларды биз салыштырма ыкма (метод) менен изилдеп чыктык. Салыштыруунун түрлөрү бар – ички, тышкы, улуттук, аймактык, эл аралык жана жеке элементтерге байланган түр. Ар бир доордун, кырдаалдын, учурдун белгиси бар – бул мезгилдин талабына ылайык. Анан журналистика элдин көр оокат жашоосуна тыгыз байланыштуу. Мисалга алсак, көркөм адабият "эпохалдуу, сезимталдуу жана элестүү" болуп келсе, басма сөз "хроникалдуу, деталдуу жана реалдуу" болот. Диссертацияда биз аймактык гезиттердин коом ичиндеги ордун аныктадык – расмий жана расмий эмес гезиттерди салыштырып. Жети аймактын гезиттерин карап, мазмундук, тематикалык, жанр жана стиль жагындагы окшоштук менен өзгчөлүктөрдү изилдеп чыгып, материалды илимдин курамына киргиздик.

5. Диссертациянын учунчү бабы "Эгемен Кыргызстандагы аймактык гезиттер, өнүгүүнүн окшоштугу жана өзгөчөлүктөр (жети облустагы басма сөздүн мисалында)" деп аталат. Бардык жети областын расмий гезиттерин (областык жана райондук администрациялардын астында иштеген басма сөздү) салыштыруу иретинде карап чыгып, окшоштук жагын жана айырмаларын аныктадык. Буга кошо расмий эмес гезиттер (коомдук уюмдар жана жеке адамдар чыгарган гезиттер) да иликтөөдөн өттү. Ушунун негизинде басма создун таржымалы системдүү түрдө берилди.

6. Өлкөдөгү жана эл аралык коомдук уюмдардын маалымат каражаттар тармагына жасаган кызматын иликтедик. IREX уюмунун беш жылды эсепке алып (2015-2019) чыгарган баяндамасында Кыргызстандагы масс-медиянын сапаты жана кесипкөйлүгү ("профессионализм" дегени) төмөн деп баалашкан. Булардын (Европанын) критерийи менен каралган. Буга ардануу кылыштын кереги жок, себеби кыргыз журналистика өзүнүн ишин жакшы алып баратат, бул жердин өзүнө таандык жашоо шарты бар - биз Европага эмес, Орто Азияга жана Россияга жакынбыз. Эл аралдык уюмдардын кыргыз журналистикага пайдасы тийгенин аныктадык жана айрым кемчиликтерин көрсөттүк. Булар өткөргөн "мониторинг" деген долбордун жыйынтыгы буга чейин илимий иштердин курамында каралган эмес, муну журналистика илимине киргиздик.

7. Журналисттин укуктары жана милдеттери боюнча эл аралык жобону карап, ушул жагынан (маалымат каражаттарга арналган жагы) өлкөдө кабыл алынган мыйзамдарды анализдедик. Бизде үч мыйзам бар – Закон КР "О средствах массовой информации" (1992), Закон КР "О гарантиях и свободе доступа к информации"(1997), Закон КР "О защите

профессиональной деятельности журналиста” (1997). Бул боюнча бизде 2022-жылы окуу куралы жазылган. Дүйнөдө бул багыт боюнча стандарттуу жоболор иштелип чыккан. Ушулардын негизинде Кыргызстанда журналисттердин Кодекси түзүлгөн. Буга кирген бир аныктамасын мисал катары берели. 10-беренеде “фактылар, божомол жана пикирлер бири-биринен даана ажыратылып берилиши керек” деп жазылып турат. Биринчи орунда фактылар. Милдет – ушуну так берүү.

8. Медиа каражаттарга каршы жазылган доо арыздарды биз иликтедик.

Мындай иш буга чейин илимий ракурс менен каралган эмес. Акаев бийликте турганда 45 доо арыз сотко жеткен – бул статистика “мониторинг” өткөндө билинди. Үчүнчү президент Атамбаевдин учурунда бул көрүнүш “марафонго” айланды - арыздар бири-биринин артынан жазыла баштады. Бул ишти ажо баш прокурордун атынан берип турду (2003-жылы прокурорго ушундай укук берилген, президенттин ар-намысын коргоо деген укук). Ошондо штрафтын (соттун чечимдери менен доо арыздын негизинде берилген штраф) жалпы суммасы 50 миллион сомго жеткен. Мындай нерсе мурун болгон эмес. Ушул “агым” 2017-жылдын аягына чейин өлкөнү каптады. 2018-жылы (жаңы ажоо келгенде) токтотулду. Төртүнчү президент С. Жээнбеков сот “марафонун” токтотту. Жанагы баш прокурорго берилген укукту жокко чыгарды. Өзү болсо маалымат каражаттарга каршы бир дагы арызды берген жок. Маалымат каражатка каршы берилген доо арыздардын тарыхы ушундай.

Диссертацияда каралган маселелер илимий тартипте биринчи жолу изилденди. Бир маселеге өзгөчө маани бердик – бул расмий жана расмий эмес гезиттердин ортодо болгон айырмачылыгы. Бул боюнча конкреттүү мисалды келтирдик – материалды чыгаруу “хронологиясына” тийиштүү мисал. Биздеги негизги мамлекеттик расмий гезити 2020-жылы кезектеги “ыңкылап” өтүп кеткенден кийин (эки күндөн кийин) мамлекетте эч нерсе болбогондой кылып материалын чыгарды. Ошол учурда расмий гезиттер болсо кырдаалды саат сайын чагылдырып турушту. Мындай айырма көп нерсени түшүндүрөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Ар бир аймактын маалымат каражаттардын баарысын (басма сөз, радио, ТВ жана интернет булактар) чогуу бир структурага салып изилдөө жүргүзү керек – бул тартип менен жети кандидаттык диссертацияны жаратса болот.

2. Бардык аймактарды камтып, электрондук маалымат каражат тармагына арнаган илимий иштин да перспективасы бар.

3. Мамлекеттик жана эркин маалымат каражаттардын диалектикалык байланышы боюнча изилдөөдө да муктаждык бар.

4. “Кыргызстандын аймактык массалык маалымат каражаттын теориясы жана тарыхы” деген темага докторлук диссертация жазууга негиз

бар.

5. Аймактык медиа каражаттар боюнча студенттерге окуу китептерди жана окуу куралдарды жаратуу бул мезгилдин талабы.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыйланган эмгектердин тизмеси:**


**1. Мамырова, М. К.** Чындыктын шам чырагындай болгон Чыңгыз Айтматов [Текст] / М. К. Мамырова // ОшМУнун Жарчысы IV чыгарылышы. – 2016.– № 4. – 84-87-б. ISSN 1694-7452 https:// www. elibrary.ru /download/ elibrary_28198781 39779488.pdf

**2. Мамырова, М. К.** Чыңгыз Айтматовдун көркөм маалыматтарды чыгармада чагылдыруу чеберчилиги [Текст] / М. К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 237-241-б.ISSN1694-7452https:// www. elibrary.ru/ download/elibrary_30547505 24509866.pdf

**3. Мамырова, М. К.** «Кыргыз туусу» гезитинин тарыхый барактарына сересеп [Текст] / М. К. Мамырова // Ош МУнун Жарчысы. – 2016. – №3. – 291-295-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_30547521_26236092.pdf

**4. Мамырова, М. К.** Положительные и отрицательные стороны СМИ на юге Кыргызстана [Текст] / М. К.Мамырова//Ош МУнун Жарчысы.– 2017. №3. – 126-129-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary _30714968 63369882.pdf

**5. Мамырова, М. К.** Ч. Айтматов – XX кылымдын көркөм сөз өнөрүнүн корифейи[Текст] / М. К. Мамырова //Ош МУнунЖарчысы.– 2018. – №4. – 117-123-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/ elibrary_ 37074081 89178140.pdf

**6. Мамырова, М. К.** Газеты южного региона Кыргызстана в период независимости (доклад) [Текст] / М. К. Мамырова //Форум молодых ученых. –2018. – №9(25). – С. 533-537ISSN 2500-4050https://www.elibrary.ru/item.Asp?id=36457153

**7. Мамырова, М. К.** Кыргызстандагы экинчи «Ош окуясынын» басма сөздөгү чагылдырышы жөнүндө (2010-жыл, июнь) [Текст] / М. К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 6.–175-177-б. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423575_53391549.pdf

**8. Мамырова, М. К.** Кыргызстандын «Ош окуясынын» учурундагы массалык маалымат жөнүндө (1990-жыл, июнь)[Текст] / М. К. Мамырова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. ISSN 1694-7649https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36423578_41070382.pdf

**9. Мамырова, М. К.** «Освещение в СМИ межэтнических отношений» (на примере ошского региона) (доклад) [Текст] / М.К.Мамырова // Өзбекстан

Республикасы Ташкент. – «Онлайн журналистикасы» – 2018. – №1/02. – www.seience.kg

**10. Мамырова, М. К.** Влияние социальных сетей на мировоззрение молодежи [Текст] / М.К. Мамырова // Өзбекстан Республикасы Бердах атындагы каракалпак атындагы университетети. – 2019. – 102-107-б.ISBN 978-9943-5744-0-3https:// iopscience. iop.org/article/ 10.1088/1742- 6596/ 1889/ 2/022030.

**11. Мамырова, М. К.** Жаштардын дүйнө таанымына жана көз караштарына социалдык тармактардын тийгизген таасири (статья) [Текст] / М. К. Мамырова // ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 145-149-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965448_85779244.pdf

**12. Мамырова, М. К.** Макалалардын жанр жактан бөлүнүшү жана алардын мазмуну (статья) [Текст] / М. К. Мамырова //ОшМУнун Жарчысы.– 2019. – №3. – 151-153-б.ISSN1694-7452https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42965449_47811868.pdf

**13. Мамырова, М. К.** Электрондук басма сөздүн орду жана бөлүктөрү (статья) [Текст] / М. К. Мамырова // Известия ВУЗов Кыргызстана. –2019. – №11. – 151-155-б.ISSN1694 7681https:// www.elibrary.ru/ download/elibrary _45642132 _96883675.pdf

**14. Мамырова, М. К.** Online training of students of applied physics in the field of circuitry(статья)[Текст] /М. К. Мамырова//Journal of Physics: Conference Series. – 2021. Vol. 1889. 022030 7-бет. 40-бал.5/4D.Luchaninov, R Bazhenov ...баары 5 адамhttps://iopscience.iop.org/article/10.1088/1742-6596/1889/2/022030

**15. Мамырова, М. К.** Кыргызстан: Судебные иски к журналистам в защиту чести презитента А. Атамбаева [Текст] / М. К. Мамырова // IV Международная научно-практическая конференция. Приоритетные векторы развития промышленности и сельского хозяйства. – Макеевка. – 2021. https://cloud.mail.ru/public/RES8/eyXnAHbGf

**16. Мамырова, М. К.** Басма сөздөгү редактордун кызматы жана ролу [Текст] / М. К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы. – 2021. Т.2. – №4. – 1280-1288-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828 Pedagogika i psiho logiYubiley_ Momunaliev_S._2021.pdf

**17. Мамырова, М. К.** Кыргыз басма сөзү жана анын тарыхы [Текст] / М. К. Мамырова //Ош МУнун Жарчысы.– 2021. Т.2. – №4. – 1289-1295-б. ISSN1694-7452https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/11630489828Pedagogika i psihologiYubiley_ Momunaliev_S._2021.pdf

**18. Мамырова, М. К.** «Кровавое воскресенье» на юге Кыргызстана: отражение события 2002 года в СМИ страны (доклад) [Текст] / М. К. Мамырова // Медиаландшафт россии и мира: прошлое, настоящее и будущее. // сборник научных статей. – Москва. – 2021. – С. 370-375.ISBN 978-5-209-10912-9https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46242326

**19. Мамырова, М.К.** Роль электронной прессы в СМИ [Текст] / М. К. Мамырова //сборник научных статей. – Нижневартовск Россия https:// elibrary.ru /item.asp?id=47469575;https://www.archive-bulletennauki.com/article/73/54

**Мамырова Махабат Каримовнанын 10.01.10 – журналистика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Эгемендүү Кыргызстандын аймактык гезиттеринин өнүгүүсү (1991-2016-жылдар)» деген темада жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** басма сөз, гезит, журналистика, массалык маалымат каражат, аймактык маалымат каражаттары, массалык аң-сезим, мониторинг, контекст, масс медиа, пресса, сайт, расмий гезит, эркин гезит, интернет.

**Изилдөөнүн обьектиси:** эгемен Кыргызстандын аймактык гезиттердин өнүгүү процесси (мазмуну, тематикасы, жанр менен стили).

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандагы эгемен доорундагы жети облустун аймактык гезиттери (1991-2016-жылдарда).

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргызстандын облустарындагы басма сөз каражаттардын эгемен доордогу тарыхый жолун изилдеп, жыйынтык чыгаруу. Маалымат берүүдөгү ишмердүүлүгүн анализдөө.

**Изилдөө методдору:** анализ менен синтез, жалпылоо менен ажыратуу, системалаштыруу, топтоштуруу менен салыштыруу, байкоо менен сыпаттоо ыкмалар кирет. «Салыштырма-тарыхый», «салыштырма-типологиялык» жана «структуралык-функционалдык» деп аталган методдор колдонулду.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңычылдыгы:** Илимий жаңылыгы теманын системалуу түрдө ачылышы. Аймактык басма сөз боюнча буга чейин өз алдынча изилдөөгө алынган эмес. Аймактык гезитке маалымат чагылдыруу жана таркатуу маселеге арналган алгачкы анализ жүргүзүлдү.

**Илимий натыйжаларды колдонуу боюнча сунуштар:** Иштин негизинде монография жазылат. Басма сөз тармагы боюнча изилдөөгө илимий булак боло алат. Жогорку окуу жайдын студенттерине семинар, спецкурс өткөрүүгө жол берет. Окуу китеп, окуу куралды чыгарууга негиз берет.

**Иштин колдонуу чөйрөсү:** Диссертацияда берилген материал «Кыргызстандын аймактарындагы басма сөздүн тарыхы» деп аталган монографияны жана ушул темада окуу китебин жазганга негиз берет. Журналистика адистиги боюнча студенттерге лекциялык курстарды жана практикалык сабактарды өтүүдө материал катары кызмат кылат.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Мамыровой Махабат Каримовны по теме «Развитие региональных газет в суверенном Кыргызстане (1991-2016 годы)», представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.10– журналистика**

**Ключевые слова**: газета, журналистика, контекст, масс-медиа, мониторинг, общественное сознание, официальная (государственная) газета, пресса, сайт, средства массовой информации, региональные средства информации, частная газета, интернет-журналистика.

**Объектом исследования** является процесс развития региональной прессы в суверенном Кыргызстане (содержание, тематика, жанр и стиль).

**Предметом исследования** служат региональные газеты, издающиеся в семи областях республики (период 1991-2016).

**Целью исследования** являются анализ развития региональной прессы в областях суверенного Кыргызстана, процесс передачи информации, выводы.

**Методы исследования** представлены в виде анализа и синтеза, общего и частного, систематизации, типизации и сопоставления, наблюдения и оценки. В качестве основы взяты приемы “сравнительно-исторического”, “сравнительно-типологического”, “сравнительно-функционального” методов.

**Научная новизна полученных результатов** заключается в том, что данная тема раскрыта в системном виде. До этого региональная пресса не исследовалась в специальном порядке. Впервые проведен анализ процесса отражения и распространения информации региональными газетами.

**Предложения по применению научных выводов работы:** на основе диссертации надо писать научную монографию. Результаты могут служить научным источником при исследовании прессы. Они дают возможность для проведения семинаров и спецкурсов в вузах. Станут основой для издания учебников и учебных пособий для студентов.

**Область применения работы** – в конкретном плане здесь должна быть издана монография по теме “История региональной прессы в суверенном Кыргызстане”, на эту же тему следует издать вузовский учебник. Кроме того материал работы будет использован при подготовке лекций и практических занятий для факультетов журналисттики.

# CURRICULUM VITAE

## to the thesis of Mamyrova Mahabat Karimov on the topic "Development of regional newspapers in sovereign Kyrgyzstan (1991-2016), submitted to the competition for the degree of candidate of philological sciences in the specialty 10.01.10 - journalism.

**Keywords:** newspapers, journalism, context, mass media, monitoring, public consciousness official, official (state) newspaper, press, media, mass media, newspaper, regional media, site, private newspaper, internet journalism.

**The object of research is** the process of development of the regional press in sovereign Kyrgyzstan (content, themes, genre and style).

**The subject of research is regional** newspapers, which are searched in seven regions of the republic (period 1991-2016).

**Research methods are** presented in the form of analysis and synthesis, general and specific, systematization, typification and comparison, observation and evaluation. This method is known as "historical-comparative", "comparative-typological" and "structural-functional".

**The scientific novelty** of the obtained results lies in the fact that this topic is disclosed in a systematic way. Prior to this, the regional press was not investigated separately. For the first time, the analysis of the process of reflection and dissemination of information in regional newspapers is provided.

**Proposals for the use of scientific results -** a scientific monograph should be found based on this work. The results can serve as a scientific source in the study of the press. They provide an opportunity to conduct seminars and special courses in universities. It is the basis for the publication of textbooks and textbooks for students.

**The field of application of the work -** specifically, a monograph on the topic "History of the regional press in Kyrgyzstan" should be written here, and a university textbook should be found on this topic. In addition, the material of the work will be used in the development of lectures and practical classes for journalism faculties.